# Сүйдүм

Сөзү, обону: Айтиев Абдумалик

Сүйдүм эле сени, сени башынан,
Узун кара, кара, кара чачыңдан.
Сүйүп жүрүп мени таштап сен кеттиң,
Ыйлап, ыйлап, анан качан басылам?
Күндө келем сенин, сенин үйүңө,
Отурамын терезеңдин түбүндө.
Анан чыгып айтты сенин кошунаң:
«Сени сүйгөн селки кеткен күйөөгө».
Таалай экен, таарынбаймын тагдырга,
Келечегим менин али алдыда.
Жүрөгүмөн сүйүп, жаным, өзүңдү,
Жашап келем, сулуу селким садага.